УДК:34:347 Бейшеналиева Н.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ

АДАМ УКУКТАРЫ

Аталган макалада адам укуктарынын келип чыгуу тарыхы, ошондой эле мамлекеттин кадыр-баркы коомду тщзгён инсандардын кадыр-баркына жараша болору жана укуктун коом тарабынан колдоого алынышы, анын адамзат жашоосундагы мааниси туурасындагы ойлор камтылган.

Адамзаттын эң улуу жетишкендиктеринин бири - эркиндик менен теңдик. Жүздөгөн жылдар бою так ушул эркиндикти алуу, теңдикке жетүү үчүн нечендеген согуштар, революциялар болуп, эчендеген адамдар кайтыш болгон. Адам укуктары менен эркиндигин ар кайсы конституциялык актыларда баскыч-баскычы менен бекемдеп отуруп, конституциялизм Европада жана Түндүк Америкада калыптана берген. Тарыхта укуктар менен эркиндиктердин үч муунун айырмалап көрсөтүүгө болот. Биринчи муундагы укуктар менен эркиндиктер, негизинен, жарандык жана саясий мааниде болуп, XVII-XVIII кылымдардагы буржуазиянын кысымы астында, буржуазиялык революциялар менен жарандык согуштардын натыйжасында бекемделген. 2-муундагы укуктар менен эркиндиктер XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын I жарымында социалисттик жана элдик-демократиялык революциялардын жыйынтыгы катары тамырын жайды. 3-муундагы укуктар менен эркиндиктер бул -улуттун өзүнүн өнүгүү жолун тандоо укугу, экологиялык, маалымат укуктары, аялдардын, балдардын, азчылыктардын, качкындардын, майыптардын жана коомдогу абалы оор топтордун укуктары. Укуктардын бул тобу XX кылымдын II жарымындагы келишимдерде жана конституцияларда бекемделген. Ошондой эле эркиндик менен теңдикке улуу окумуштуулардын көлөмдүү трактаттары, акындар менен жазуучулардын чыгармалары да арналган. XVII-XVIII кылымдардагы европалык философтор Г.Гроцийдин, Т.Гоббстун, Дж. Локктун, Ш. Монтескьенин, Ш.Руссонун жана башкалардын, ошондой эле XVIII-XIX кылымдардагы америкалык ойчулдар Т.Джефферсондун, Б.Франклиндин, Т.Пейндин, Дж.Медисондун эмгектеринде адамдын табигый, ажыратып алгыс укуктары, табигый укук, жарандык коом, укуктук мамлекет, түздөн-түз жана өкүлчүлүктүү демократия жөнүндө идеялар, ошондой эле бийликтерди бөлүү эрежеси өркүндөтүлгөн.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин түзүлгөн дүйнөлүк коомдук өнүгүүнүн өзгөчөлүгү адам укугун коргоо боюнча эл аралык масштабда иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк ачып, эл аралык мамилелердин тарыхында биринчи жолу бардык мамлекеттер сактоого тийиш болгон адам эркиндиги менен негизги укук маселелеринин чөйрөсү аныкталды. Декларацияда «ар бир адамдын кадыр-баркын, теңдигин, укугун таануу эркиндиктин, адилеттиктин жана бүткүл дүйнөдөгү тынчтыктын негизи болот» деп жарыяланган. Декларацияга ылайык, адамдын укук чөйрөсүнө инсандын жөнөкөй укугун, жарандык, саясий, ошондой эле социалдык- экономикалык укуктарын жалпы жонунан урматтоо, сактоо керек. Декларацияда инсандын жөнөкөй укуктарынын ичинен эң ооолу ар бир адамдын жашоого, эркиндикке, керт башына эч кимдин тийбестигине укуктуу экендиги көрсөтүлүп, алар анын башка жолдорунда да толукталган. Бүгүнкү күндө ар бир адам өз ойломунда, дин тутуусунда, жашаган жерин жана карым-катыш чөйрөсүн тандоодо эркин. Ошону менен бирге эле биз бардыгыбыз укуктарыбызда жана мүмкүнчүлүктөрүбүздө бирдейбиз.

Демократиялуу, укуктук мамлекетте ким мыйзамдарды билсе, аларга ылайык шайкештикте жашаса жана мамлекет тарабынан берилген бардык жыргалчылык менен мүмкүнчүлүктөн аъ-сезимдүү пайдаланса, ошол эркин.

Биз өлкөнүн азыркы учуру жана келечеги катары мыйзам менен жашап, укуктарыбызды таанып жана колдоно билсек, мамлекеттин эртеъкисине чоң үмүт жаралат. Мындайча айтканда, мыйзам бул өз кызыкчылыктарыъды коргоо жана өз максаттарыъа жетүү үчүн колдонууга зарыл жана мүмкүн болгон курал. Адам укуктары-

бул адамды мамлекеттин зомбулугунан коргоочу каражат. Адам укуктары инсандар аралык мамилелерде колдонулбайт, анткени мамлекеттин мыйзамдары менен жөнгө салынат.

Адам укуктары тутумунун өзөгүндө адамдын кадыр-баркы турат. «Мамлекеттин кадыр-баркы, албетте, түпкүлүгүндө аны түзгөн инсандардын кадыр-баркына жараша болот», - деп Джон Стюарт Милль айтмакчы, адамдын кадыр-баркы, ар-намысы – бул анын баалуулугу, адамдагы жана инсандагы бардык баалуу нерселердин жыйындысы. Ар бир адам акыл-эстүү жана адамзат урпагы болгондугуна байланыштуу кадыр-баркка ээ. Ошентип, кадыр-барк - акыл эстүү жандардын эзелки касиети. Андап билүү, максат коюу, адеп-ахла мыйзамын сактоо жөндөмү адамдарды жаратылыштан өйдө коет. Адамдын акыл эси жана эркиндиги аны бул дүйнөдө өзгөчө орунга татыктуу кылат.

Адамдын кадыр-баркы эки элементтен - адамдык кадыр-барктан жана инсандык кадыр-барктан турат. Адамдын кадыр-баркы анын биологиялык, homo sapiens катары баалулугун аныктайт. Бул - адамдын табиятындагы эзелки касиет. Мындай касиетке дене боюнун, адептик турпатынын, коомдогу абалынын, ынанымдарынын, жүрүм-турумунун жана башка жактарынын өзгөчөлүктөрүнө карабастан, ар бир адам эгедер. Адамдын кадыр–баркы - туруктуу чондук, анткени адамдын баалуулугу эч качан өзгөрүлбөйт. Инсандык кадыр-барк бул - бир жагынан алганда, адамдын өзүнүн коом менен байланышын, өз баркын башкалардын жана коомдун сый-урматына канчалык арзыгандыгын баалашы. Экинчи жагынан алганда, адамзат коомдоштугунун бөлүгү катары конкреттүү адамдын, ар бир инсандын бөтөнчөлүгүн, кайталангыстыгын, маанилүүлүгүн коомдун тааныгандыгы. Жеке кадыр-барк, башкача айтаканда, адамдын инсандык баалуулугу өзгөрүлүшү мүмкүн. Бул анын жүрүм - турумуна, коомдогу абалына, ийгиликтерине же оъунан чыкпай калган иштерине жана башка социалдык жагдайларга жараша болот. Ошентип, ар бир адам кадыр-баркка ээ. Ошол жеке кадыр-барк аркылуу биз мамлекетибиздин кадыр-барк, зоболосун көтөрө алабыз. Ал эми бул үчүн биздин милдет - эъ алгач укуктарыбызды таануу.

Укук бул - өзүбүз жана өкүлдөрүбүз белгилеп, мамлекет камсыздаган жана коргогон, биздин коомдогу мамилелерди жөнгө салуу үчүн жүрүш-туруш эрежелер жыйындысы. Укук жалпыга бирдей жана жалпы үчүн милдеттүү болуп саналат. Укук бардык адамдарга текши тиешелүү, ар бир адамдын кызыкчылыктарын коргойт жана аны баарыбыз сактап, аткарууга милдетүүбүз дегенди билдирет. Адам укуктары мамлекетти анын мекемелери жана кызмат адамдары аркылуу адамдын белгилүү коомдук дөөлөттөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоого милдеттендирет. Мисалы, билим алуу укугу мамлекетти билим берүү мекемелеринин тутумун түзүүгө, педогогдорду даярдоого ж.у.с милдеттендирет. Адамдын эркиндиктери камсыздоого муктаж эмес; адам жашоосунун бул чөйрөсүнө мамлекеттин кийлигишүүсүнө тыюу салынган. Бул жагынан мамлекеттен ар бир эркиндиктин акылга сыярлык чегин мыйзамдардын жардамы менен тактоого жана, биринчиден, адам өзү бул чектен чыгып кетпеши, экинчиден, эч ким бул эркиндикке шек келтирбеши үчүн көзөмөл жүргүзүү гана талап кылынат.

Ошентип, укук тутумун тамырлары, бутак-шактары кенен жайылган, жалбырактары көп чоъ даракка салыштырууга болот. Укуктун «бутактары» - бул анын тармактары, «жалбырактары» - укук ченемдери. Ал эми «тамырлары» - бул укуктун коом жана мамлекет тарабынан колдоого алынуу жолдору. Эгер ар бирибиз укукту сыйласак жана сактасак, ал эми мамлекет аны коргоп, укук ченемдерин бузган ар бир адамды жоопко тартып турса, «тамырлар» кубаттуу болот да, укук жакшы иштейт. Тескерисинче баарыбыз укукту буза берсек, мамлекет да чара көрбөй койсо, анда укуктун «тамырлары» начарлап, эртеби - кечпи, «дарак» кулап түшөт да, коомдо баш аламандыктар башталат.

Жөнөкөй эле бир күндү укук менен байланыштырып көрөлүчү; эртеъ менен туруп, бети-колду жууп жатканда, биз укук ченемине туш келебиз, анткени түтүк аркылуу келген суу Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик санитардык-эпидемиялогиялык көзөмөл

жөнүндөгү жобонун негизинде иштелип чыккан санитардык-гигиеналык жана санитардык эпидемияга каршы эрежелерге шайкеш келиш керек. Анан биз тамактанып жатканда деле укукка туш келебиз: тамак-аш азыктары ошол эле жобого ылайык белгиленген мамлекеттик стандарттарга туура келиши зарыл. Таза суу жана тамак-аш азыктарын пайдаланганда биздин укугубуз КРнын Конституциясы жана «Кыргыз Республикасында калктын ден соолугун коргоо» жөнүндөгү мыйзам менен корголот. Анан биз окууга барабыз да, КРнын Конституциясында жана «Билим берүү жөнүндү Кыргыз Республикасынын мыйзамында» каралаган укугубузду жүзөгө ашырабыз.

Ошентип, үйдө, көчөдө, коомдук транспортто жана башка жерлерде биз укук менен мыйзамдын аракетине ондогон, кээде жүздөгөн жолу кабылабыз.

Ар бирибиз жашоого, ден соолугубузду коргоого, билим алууга, эмгектенүү эркиндигине, дин тутуу эркиндигине, социалдык камсыздоого жана башкаларга укуктуубуз. Бул укуктар Конституцияда бекемделген жана алар бизге төрөлгөн чакта эле таандык. Булардан биз өмүр бою баш тарта албайбыз, аларды бизден эч ким да тартып ала албайт. Жынысына, расасына, улутуна, тилине, тутунган динине, тегине, саясий жана диний ынанымдарына жана башка жагдайларга карабастан, бардык адамдар бирдей укукка ээ. Тоодой сөздү томуктай жерге батырып айтканда, адам укуктары бул - мамлекетке коюлуучу өзүнчө талаптар, бул биздин татыктуу жашоого, коопсуздукка жана бакубат турмуш күтүүгө укуктуулугубуздун кепилдиги. Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери тутуму өз ара байланыштуу жана бөлүнгүс жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий укуктардан, эркиндиктерден турат.

Жарандык укуктар менен эркиндиктер бул - адамдын кадыр-баркын, өмүрүн, эркиндигин, өз алдынчалыгын коргоо үчүн зарыл укуктар менен эркиндиктер.

Саясий укуктар жана эркиндиктер жарандын мамлекетти жана коомду башкарууга катышуусун камсыздайт.

Социалдык укуктар адамдын коомдо татыктуу жашоосун, мындай жашоодогу эъ зарыл өлчөмдөгү экномикалык коопсуздугун камсыздоо үчүн керек.

Экономикалык жана социалдык укуктар менен эркиндиктер адамга ойдогудай денгээлдеги бакубат жашоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Маданий укуктар менен эркиндиктерге дин тутуу жана атеисттик ынанымда болуу эркиндиги, маданий баалуулуктарга жетүү укугу, көркөм өнөр жана илим менен алектенүү жана башка ошол сыяктуулар кирет.

1789-жылы эле «Адамдын жана жарандын укугунун француз Декларациясынын» преамбуласында: «Адамдын укугун сыйлабоо, унутта калтыруу жана урматтабай коюу коомдук бактысыздыктын жана өкмөттүн коррупцияланышынын бирден бир себеби болуп саналат», - деп белгиленген. Мына бул пикирде далилдөөсүз эле кашкайган чындык жатат. Декларация бардык адамдардын мыйзам алдындагы тендигин, адамдын табигый укуктарынын ажаратып алгыстыгын, эл эгемендигин, күнөөсүздүк презумпциясын, абийир эркиндигин, өз пикирин эркин айтуу укугун, басма сөз эркиндигин, жеке менчик укугун, ошондой эле адамдын жана жарандын укуктарынын бир катар кепилдиктерин жар салган.

Бардык адамдар эркин болуп туулат жана өз кадыр-баркында жана укуктарында теъ бирдей. Аларга акыл-эс менен абийир берилген, ошондуктан бири-бири менен алака түзүүдө боордоштук рухунда болууга тийиш.

«Адам укугунун жалпы декларациясынын» экинчи статьясында белгиленген: «Ар бир адам эч кандай айырмасыз, расасына, өъүнүн түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий жана башка ишенимине, улуттук же социалдык тегине, мүлктүк жана башка абалына карабастан, ушул Декларацияда жарыяланган бардык укуктарга жана эркиндиктерге ээ болууга тийиш. Мындан тышкары, адам таандык болгон өлкөнүн же аймактын саясий, укуктук же эл аралык статусунун негизинде ал аймак көз

карандысызбы, камкордукка алынганбы, же өз алдынча башкарууда эмеспи, же болбосо өзүнүн эгемендигинде кандайдыр бир чектелүүбү, ага карабастан, эч кандай айырмачылыктар жүргүзүлүүгө тийиш эмес».

Ошенткен менен бүгүнкү күндө адам укуктарынын бузулушу өтө эле көп. Керек болсо кээ бир жарандарыбыз укугун кандай коргоону да билбей келет. Кыргызстандын адам укуктарын сактоону жактагандыгына карабастан, көптөгөн байкоочулар ратификацияланган келишимдерде жана конвенцияларда белгиленген максаттарды толугу менен жүзөгө ашыруу үчүн дагы көп иштерди аткаруу керектигин айтып жүрүшөт. Башка көптөгөн өлкөлөрдөй эле, Кыргызстанга адам укуктары менен эркиндиктерин камсыздоо жана коргоо, алардын бузулушуна байланышкан маселелерди чечүү үчүн натыйжалуу укук коргоочу механизм зарыл экендиги өзүнөн -өзү түшүнүктүү. Адата, адам укуктары конституциялык көзөмөлгө, парламенттик көзөмөлгө алынат жана укуктарыбызды сот аркылуу коргоо, административдик коргоого ала алабыз. Ошондой эле Акыйкатчы жана «Адам укуктарын коргоонун эл аралык механизмдери» аркылуу да коргосок болот.

Конституциялык кёзёмёлдщ КР Конституциялык соту жщзёгё ашырат. Эгер сенин укуктарыъ Конституцияга каршы келген мыйзамга, же башка расмий документке байланыштуу бузулса, ушул сотко кайрыла аласыъ. Мисалы, Жогорку Кеъеш сенин кандайдыр бир динди тутушуъа тыюу салган мыйзамды кабыл алды дейли. Бирок Конституцияда ар бир адамдын дин тутуу эркиндиги кепилденет деп жазылган. Ошондо сен Конституциялык сотко бул мыйзамды конституциялуу эмес деп таануу жана аны жокко чыгаруу жёнщндё ётщнщч менен кайрыла аласыъ. Ётщнщч бардык эрежелерди сактоо менен жазылууга тийиш болгондуктан, сен юристтин же ушул чёйрёдё иш жщргщзгён коомдук уюмдун жардамынан пайдалансаъ болот.

Парламенттик кёзёмёлдщ КР Жогорку Кеъеши жщргщзёт. Эгер укуктарыъ бузулса же коркунучка кабылсаъ, сен парламентке же депутаттардын бирине кайрылып, жардам сурасаъ болот. Депутаттар эл ёкщлдёрщ катары сага укуктарыъды коргоо, эгер бузулган болсо, калыбына келтирщщгё ар тараптан кёмёк кёрсётщщгё милдеттщщ. Парламентке, депутатка адам укуктарын бузуу кеъири жайылып кетип, мыйзамдарды ёзгёртщщ талап кылынган учурда же кайсы бир министрликтин, мамлекеттик комитеттин же административдик ведомствонун ишине кийлигишщщ талап кылынганда, кайрылган оъ. Мисалы, мектептин директору окуучуларды каникул мезгилинде талаада иштоого мажбурлап, жумуш кылдырды дейли. Ал ушинтип Конституциянын адамды эмгекке мажбурлап тартууга тыюу салган жана эс алуу укугун кепилдеген ченемдерди бузду. Мындай кёрщнщш кёп мектептерде кездешсе да, буга мамлекеттик органдардын эч кайсынысы кёнщл бурбай жатат дейли. Ошондо Жогорку Кенешке кайрылып, депутаттардын бирёё сен жашаган райондогу шайлоочулар менен жолугушуу щчщн качан келээрин сурап билип, депутат менен болгон жолугушууда ага ушул маселени айтсаъ болот.

Эгер кайсы бир мамлекеттик орган мыйзамга каршы келген жана сенин укуктарыъды бузган расмий документти чыгарса, сотко бул тууралуу арыз жазсаъ болот.

Эгер кайсы бир мамлекеттик орган, мекеме же кызмат адамы укуктарыъды бузса, сен административдик коргоо мщмкщнчщлщгщнён пайдаланып, жогору турган органга кайрылсаъ болот. Мамлекеттик орган, мекеме же кызмат адамы мыйзамды же башка расмий документти бузгандыгы жёнщндё сёз болсо, кайсы этапта болбосун, сен бул тууралуу прокуратурага арыз жаза аласын. Мындан тышкары, райондук же облустук билим берщщ бёлщмщнщн чечимин сотто даттанып жокко чыгарууга болот.

Эгер кайсы бир мамлекеттик органга же кызмат адамына кайрылганда, алар кёнщл бурбаса же натыйжалуу иш жщргщзбёсё, убараланта берсе, караштырууну атайлап создуктурса, адилетсиз чечим чыгарса, анда КР Акыйкатчысына кайрылсаъ болот.

Эгер бузулган укуктарыъды мамлекеттик органдардын жардамы менен калыбына келтире албай, адилеттщлщккё жетише албай калсаъ, щмщт щзщп койбош керек. Сенин дайым эл аралык органдарга кайрылуу мщмкщнчщлщгщн бар.

«Айтканынан кайтпаган, чечкиндүүлүктөн ашкан мүнөздүн эъ маанилүү белгиси

болбойт, улуу адам болууну самаган же болбосо турмушта из калтыргысы келген жаштар, миъдеген тоскоолдуктардан өтүү гана эмес, жеъилүү ызасын тартканына карабастан, аны жеъе билүүгө да чечкиндүү болууга тийиш», - деген Теодор Рузвельт (АКШнын 26-президенти). Андыктан тайманбаган чечкиндүүлүк аркасында, адам укугу бузулган учурда аны коргоого алуу үчүн канчалык тоскоолдуктар турбасын, жеъе билүүгө белсенип, туура жол тандайлы дегим келет.

Ошондой эле чет өлкөдө жүрсөк, өз укуктарыбызга ээлик кыла алабыз жана коргой алабыз.

«Кээде башка жерде өткөрүлгөн бир күн үйдөгү он жылдык жашоодогудан көп нерсени бериши мүмкүн» (Анатоль Франс) дегендей, биздин ар бирибиз эртедир- кечтир өлкөбүздөн чыгып, башка чет мамлекетке барабыз. Кимдир бирөө туугандарына же досторуна конокко барса, кимдир бирөөлөр дарылануу, окуу, ал эми кээ бирлер соода-сатыкка байланыштуу чет мамлекеттерге чыгышат. Башка мамлекетти көрүү анын меймандостугун билип, ал жердеги адамдардын жашоо - турмушу менен таанышуу ар дайым кызыктуу. Бирок, албетте, чет өлкөгө баруу үчүн атайын паспорт алуу жана мамлекеттик чек арадан өтүүнүн негизги эрежесин жана тартибин, чет мамлекеттин аймагына кирүү жана болуу тартибин сактоо менен, ошондой эле эгерде укугуъ бузулса, өз укугуъду коргоо ыкмасын колдонуу сыяктуу талаптарга баш ийүү менен чыга аласыъ.

Ушул жана ушул сыяктуу адам укуктары көп кырдуу жана кыйла татаал. Алардын ар бирин билүү - бизге милдет. Эн башкысы, бардыгыбыз укук менен мыйзамды туу көтөрүп, түшүнө билүүбүз абзел.

«Күч укукту жаратпайт, ошондуктан адам бир гана мыйзамдын бийлигине баш ийүүгө милдеттүү. «Кулчулук» жана «Укук» сөздөрү бири-бирине карама каршы келет, алар өз ара бири-бирин төгүндөп турат»,- деп айтат Жан Жак Руссо. Ал эми Теодор Рузвельт: «Бизге көп нерсе берилген, бизден да көптү үмүттөнүшөт. Бизде башка адамдар алдында жана өз алдыбызда милдеттер бар. Бул милдеттердин бирине да көнүл бурбоого укуктуу эмеспиз. Мыйзамдан төмөн же жогору турган адам жок, биз адамдан мыйзамга баш ийүүнү талап кылуу үчүн адамдан уруксат суроого тийиш эмеспиз. Укук боюнча мыйзамга баш ийүү талап кылынат, ал тиленип суралбайт»,- деген.

«Ооба, туптуура» дегенден бёлёк бул ойлорго кошумча пикир киргизүү мүмкүн эмес экендиги шексиз.

Жыйынтыгында, Виссарион Белинскийдин: «Максатсыз ишмердүүлүк болбойт, кызыкчылык болбосо, максат жок, ал эми ишмердүүлүк болбосо, турмуш токтойт. Кызыкчылыктын, максаттын жана ишмердүүлүктүн булагы - коомдук турмуштун субстанциясы» деген сөзүнө таянып, кел, замандаш, башкысы максатты туура коюу менен, колубуздагы эркиндик укуктарыбызды пайдаланып, өлкөбүздүн келечегибизге кайдыгер карабастан, мамлекеттин өнүгүүсүнө аз да болсо салымыбызды кошолу деп аяктайм.

Адабияттар:

1. Никифоров М.Ю., Акбаралиева Н.Н. Укук сенин жашооъдо. -Бишкек, 2010.
2. КР Конституциясы. -Б., 2011.
3. Жаран таануу. -Б., 2007.
4. Пугачев В.П., Соловьев А.И. Саясат таанууга киришүү. –Б., 1998.
5. Акматалиев А. Мамлекет жана укук теориясы. -Б., 2001.